**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

**Бекитилди**

Ж. Баласагын атындагы Окумуштуу кеңешинин

чечими менен

(Протокол № 6, "3" март 2023-ж.)

**Бекитемин**

Ж. Баласагын атындагы

КУУнун ректору

_____________ Т.А.Абдырахманов

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин**
**Жалил Садыков атындагы**
**адабий сыйлыгы жөнүндө**

# ЖОБО

1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин адабият жаатындагы Жалил Садыков атындагы адабий сыйлыгы университеттин студенттери тарабынан жазылган, эстетикалык жана тарбиялык таасири бар, жаштар арасында зор ынтаа менен кабыл алынган, адабияттын бардык жанрында жазылган мыкты чыгармалар үчүн берилет.
2. Жалил Садыков атындагы адабий сыйлыкка университеттин факультеттери, колледждери, башка түзүмдөрү талапкерлерди көрсөтө алат жана жеке автор да сыйлыкты изденип алууга чыгармаларын көрсөтүүгө укуктуу.
3. Адабий сыйлыкка көрсөтүүгө акыркы эки жылда жазылып, жалпыга маалымдоо каражаттарында (гезиттерде, журналдарда, сайттарда) жана К.Тыныстанов негиздеген "Кызыл учкун" кереге гезитинин бүгүнкү улантуучусу болгон "Жаш толкундар" кереге гезитинде жарык көргөн чыгармалар сунушталат.
4. Мурда ар кандай сыйлыктарды алган жана эски чыгармалар кабыл алынбайт.
5. Адабий сыйлык ыйгарылган жаш калемгерге Жалил Садыков атындагы адабий сыйлыгынын лауреаты наамы жана күбөлүк, Жалил Садыковдун элеси түшүрүлгөн төш белги, акчалай сыйлык тапшырылат.
6. Адабий сыйлык Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети тарабынан эки жылда бир жолу ыйгарылат.
7. Адабий сыйлыкты ыйгаруу комиссиясы Кыргыз улуттук университетинин белгилүү профессордук-окутуучулар курамынан түзүлүп, сыйлыкка көрсөтүлгөн адабий чыгармаларды Жобого ылайык кабыл алуу, талдоо, тандоо иштерин жүргүзөт.

8. Комиссиянын курамы жети кишиден түзүлүп, тизмеси Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Окумуштуулар Кеңеши тарабынан бекитилет.
9. Комиссиянын төрагасы комиссиянын жүргүзө турган жалпы иштерин жетекчиликке алат.
10. Комиссия өз ишин комиссиянын толук курамы менен жыйын өткөрүп, жыйындын чечимин кабыл алат. Комиссиянын чечими комиссия мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан көбүнүн добушу менен кабыл алынат.